РОССИЯДА ИШТӨӨ:

# МИГРАНТТАРДЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫ

*жана башка пайдалуу кеңештер*




ПРОФСОЮЗ РАБОТНИКОВ ПИЩЕВОЙ И ТАБАЧНОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ, ТОРГОВЛИ, УСЛУГ И СМЕЖНЫХ ОТРАСЛЕЙ
НОВОПРОФ

# МАЗМУНУ:

САЛАМАТСЫЗБЫ! ........ 3

РОССИЯГА КИРҮҮ ........ 5

КАТТООГО ТУРУУ ........ 8

РОССИЯДА ИШТӨӨ: ПАТЕНТ ЖАНА АНЫ КАНТИП АЛУУ КЕРЕК ........ 12

РОССИЯДА ИШТӨӨ: ИШ БЕРҮҮЧҮ МЕНЕН КЕЛИШИМ ........ 21

РОССИЯДА ИШТӨӨ: ЖУМУШ ОРДУНДАГЫ СИЗДИН УКУКТАРЫҢЫЗ ........ 28

ИШ ОРДУНДАГЫ ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ КАНТИП КОРГОО КЕРЕК ........ 37

МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ ........ 42

ЭГЕРДЕ СИЗ ЖУМУШСУЗ КАЛСАҢЫЗ ........ 46

ЭГЕРДЕ РОССИЯГА СИЗ МЕНЕН БАЛДАРЫҢЫЗ КЕЛЕ ЖАТЫШСА ........ 48

УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ МЕНЕН МАМИЛЕ ..... 51

КИРҮҮГӨ ТЫЮУ САЛУУ ........ 54

# Саламатсызбы!

Эгерде Россияга сиз Азербайжандан, Кыргызстандан, Тажикстандан, Өзбекстандан жана Украинадан иштөө үчүн келген болсоңуз, анда бул китепчелер сиз үчүн. Алар иштөөгө патент талап кылынбаган Белоруссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Арменияннын жарандары үчүн да пайдасы тиет.

Россияда мыйзамдуу түрдө ишке кантип орношууга болот? Чет өлкөлүк жарандардын эмгектенүүгө кандай укуктары бар? Миграциялык мыйзамдардын бузуучусу болбош үчүн эмне кылуу керек? Жумушка орношууда канткенде алдамчылардын курмандыгы болбош керек? Эгерде баары бир ушундай жагдайга кабылып, сиздин иш берүүчүңүз же “бригадириңиз” шылуун болуп калган учурда эмне кылуу керек? Кыйын жагдайга кабылганда ким жардам бере алат?

Сиз бул баардык суроолордун жообун биздин китепчелерден таба аласыз.

Сиздер үчүн аларды юристтер, укук коргоочулар жана профсоюздар түзүп чыккан. Биз мыйзамдарды изилдеп жана эмгек мигранттарына иш жүзүндө жардам берүүнүн жүрүшүндө үйрөнүп-билгендерибиздин баарысын топтодук жана жалпак тил менен баяндоого аракеттендик.

Сиздерге биздин эмгегибиздин пайдасы тиерине үмүттөнөбүз.

Китепченин акыркы беттеринде сиздер үчүн өз телефондорубузду, электрондук почтаны жана дарегибизди калтырдык. *Сиз ар убак биздин уюмга кайрыла аласыз – биз жардам берүүгө аракет кылабыз! Биздин уюмдарда берилүүчү кеңештер акысыз.*

ЫРААЗЫ!

**МААНИЛҮҮ!** Россиялык мыйзамдар тынымсыз өзгөрүп турат. Балким, бул саптар жазылгандан бери кайсыл бир укуктук ченемдер күчүн жоготуп, башкалары кабыл алынган болушу мүмкүн. Ошондуктан, биз Россияга иштөө үчүн бара жаткандардын баарысына, алдын ала өз өлкөңөрдөгү профсоюздарга, элчиликтерге, ТИМдин же башка уюмдардын жумушка орношууга көмөк көрсөтүүчү бөлүмдөрүнө кеңеш сурап кайрылууну абдан сунуштайбыз.

# ОБРАЗЕЦ ЗАПОЛНЕННОЙ МИГРАЦИОННОЙ КАРТЫ

"А" (Въезд/Arrival)

**Республика Беларусь / Republic of Belarus** — **Российская Федерация / Russian Federation**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Миграционная карта / Migration Card** | Серия/ Serial | РБ | |
| | № | | |
| Фамилия/Surname (Family name) | С Е Р Г Е Е В А | | |
| Имя/Given name(s) | Н И Н А | | |
| Отчество/Patronymic | В Й К Т О Р О В Н А | | |

| Дата рождения/Date of birth | | | Пол/Sex | |
|---|---|---|---|---|
| День/ Day | Месяц/ Month | Год/ Year | Муж./Male | Жен./Female X |
| 3 1 | 0 5 | 1 9 5 7 | Гражданство/Nationality: У К Р А И Н А | |

| | |
|---|---|
| Документ, удостоверяющий личность/ Passport or other ID: 2 0 4 3 0 3 5 | Номер визы/Visa number: — |
| Цель визита (нужное подчеркнуть) / Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit | Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя (отчество) физического лица), населенный пункт / Name of host person or company, locality: ОДО "Моя радость" г. Минск |
| Срок пребывания/Duration of stay: С/From: 01-01-2007 До/To: 14-01-2007 | Подпись/Signature: Сергеева |

Служебные отметки/For official use only

| | |
|---|---|
| Въезд в Республику Беларусь/Российскую Федерацию / Date of arrival in the Republic of Belarus/Russian Federation | Выезд из Республики Беларусь/Российской Федерации / Date of departure from the Republic of Belarus/Russian Federation |

"Б" (Выезд/Departure)


**Республика Беларусь / Republic of Belarus** — **Российская Федерация / Russian Federation**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Миграционная карта / Migration Card** | Серия/ Serial | РБ | |
| | № | | |
| Фамилия/Surname (Family name) | С Е Р Г Е Е В А | | |
| Имя/Given name(s) | Н И Н А | | |
| Отчество/Patronymic | В И К Т О Р О В Н А | | |

| Дата рождения/Date of birth | | | Пол/Sex | |
|---|---|---|---|---|
| День/ Day | Месяц/ Month | Год/ Year | Муж./Male | Жен./Female X |
| 3 1 | 0 5 | 1 9 5 7 | Гражданство/Nationality: У К Р А И Н А | |

| | |
|---|---|
| Документ, удостоверяющий личность/ Passport or other ID: 2 0 4 3 0 3 5 | Номер визы/Visa number: — |
| Цель визита (нужное подчеркнуть) / Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit | Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя (отчество) физического лица), населенный пункт / Name of host person or company, locality: ОДО "Моя радость" г. Минск |
| Срок пребывания/Duration of stay: С/From: 01-01-2007 До/To: 14-01-2007 | Подпись/Signature: Сергеева |

Служебные отметки/For official use only

| | |
|---|---|
| Въезд в Республику Беларусь/Российскую Федерацию / Date of arrival in the Republic of Belarus/Russian Federation | Выезд из Республики Беларусь/Российской Федерации / Date of departure from the Republic of Belarus/Russian Federation |


** Намунаи корти пур*

# РОССИЯГА КИРҮҮ

Россияга кирүүдө миграциялык картаны туура толтуруу абдан маанилүү. Бул жөнөкөй суроолорго жооп берүүнү талап кылган чакан документ. Чек араны кандай жол менен кесип өтсөңүз да аны сизге сөзсүз түрдө беришет: автобуста – айдоочу, поездде – коштоочу, самолётто – стюардесса. Эгерде машина менен бараткан болсоңуз, картаны чек аранын өзүндө беришет.

**МААНИЛҮҮ!** Миграциялык карта акысыз берилет!

Миграциялык картаны орус же латын тамгалары менен толтурууга болот.

## МИГРАЦИЯЛЫК КАРТАДА КАНДАЙ СУРООЛОР БОЛОТ?

Аты, атасынын аты жана фамилиясы, паспорттук маалыматтар. Ошондой эле миграциялык картада Россияда кимге бара жатканыңызды көрсөтүү керек болот ("Чакыруучу тарап жөнүндө маалыматтар" графасы). Бул тууганыңыздын же таанышыңыздын аты-жөнү жана дареги; мейманкананын аталышы жана дареги; же сиз иштей турган фирманын аталышы жана дареги.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде сиз Россияга иштөө үчүн бараткан болсоңуз, "Келүүнүн максаты" графасына "Жумуш" деп сөзсүз көрсөтүү керек. Эгерде башка максаттарды көрсөтсөңүз, анда сиз патент ала албайсыз.



Миграциялык карта “А” жана “Б” деген эки бөлүктөн турат. Эки бөлүгүн да кылдат толтуруу керек. Чек арада миграциялык картанын “А” бөлүгү чек ара-өткөөл пунктунун кызматкерлеринде калат, “Б” бөлүгү сизге кайтарылат. Көңүл бургула: миграциялык картанын “Б” бөлүгүнүн арткы бетине чек ара-өткөөл пунктунун кызматкерлери сиздин Россияга киргендигиңиз жөнүндө белги (штамп) басышы керек.

**МААНИЛҮҮ!** Миграциялык картаны толтуруу, ага кирүү жөнүндө штамп бастыруу жана аны сөзсүз сактап жүрүү абдан маанилүү!

Эгерде сиз миграциялык картаны жабыркатып же жоготуп алсаңыз, анда алгачкы 3 күн аралыгында Россиянын Ички иштер министрлигинин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын (ИИМ ММББ) сиз жүргөн шаардагы же кыштактагы жакынкы органына сөзсүз түрдө арыз менен кайрылыңыз. Паспортуңузду жана Россияга кирген жол кире билетиңизди көрсөтсөңүз, сизге миграциялык картанын дубликатын акысыз беришет.

**ЫРААЗЫ!** ИИМдин интернетте: **https://мвд.рф** сайты бар. Мисалы, анда ИИМдин бардык бөлүмдөрүнүн (анын ичинде миграция маселеси менен алектенген) интерактивдүү картасы, алардын даректери жана байланышуу боюнча маалыматтар жайгаштырылган.

**МААНИЛҮҮ!** Миграциялык картанын дубликаты акысыз берилет!

**МААНИЛҮҮ!** Россияга киргенде жол кире билетиңизди сактаңыз! Анын кереги тийип калышы мүмкүн.



РОССИЯГА КИРҮҮ

# ОШЕНТИП

» *Чек арада миграциялык картаны алып, анын эки бөлүгүн туура толтурасыз.*

» *Миграциялык картанын сизде калган бөлүгүндө кирүү жөнүндө штамп басылгандыгына ынаныңыз.*

» *Россиядан чыкканга чейин миграциялык картаны сактаңыз.*

» *Россияга кирген жол жүрүү билетиңизди сактаңыз.*

» *Миграциялык карта жана анын дубликаттары акысыз берилет.*

# КАТТООГО ТУРУУ

Россиянын аймагында мыйзамдуу жүрүү үчүн биринчи кезекте **убактылуу каттоого туруу** зарыл (бул документтин расмий аталышы кыйла узунураак: “чет өлкөлүк жарандын жүрүү жерине келгендиги жөнүндө маалымдоосу”).

Бул милдетти Россияга кирген учурдан тарта **7 жумушчу күн ичинде** аткаруу керек. Тажикстандын жарандары 15 күн ичинде каттоого тура алышат. Иштөөнү болжоп жаткан Белоруссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Арменияныи жарандары Россияда 30 күнгө чейин каттоосуз жүрө алышат, Украинанын жана Беларусь Республикасынын жарандарына - 90 күндүн ичинде.

## КАТТООГО ТУРУУНУН БИР НЕЧЕ ЫКМАСЫ БАР:

1 Эгерде сиз мейманканага, конок үйгө, отелге, хостелге же мейманкана тибиндеги жатаканага (б.а. бардык эле жатаканада эмес!) жайгашсаңыз – анда алгачкы эле күнү ал жерде жашай турган бүткүл убакытка сизди каттоого алуулары керек. Ал үчүн сиздин администраторго кайрылууңуз жетиштүү

**МААНИЛҮҮ!** Мейманканалардын, хостелдердин, жатаканалардын жана башка жайлардын кызматкерлери айрым учурдарда “барымта” катары же “каттоо үчүн” паспорт калтырууну сурашат. Алардын мындай кылууга укуктары жок. Сиз документтериңизди көрсөтүүгө гана милдеттүүсүз, алар көчүрмөсүн гана ала алышат. Эгерде алар сиздин документтерди алып, ар кандай шылтоолор менен кайтаруудан баш тартышса – 112 телефону боюнча полицияга чалыңыз.

2 **Эгерде сиз тааныштарыңыздыкында, туугандарыңыздыкында жашоону, бөлмө же батир жалдоону болжоп жатсаңыз**, анда турак жайдын кожоюну Сизди Россияга кирген учурдан тарта 7 жумушчу күн аралыгында каттоого тургузуусу керек. Бул үчүн сиздер бирге **ИИМ ММББнын сиз жашаган райондогу бөлүмүнө же мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн көп функционалдуу борборуна (КФБ)**, **же калкка мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү үчүн онлайн портал аркылуу (Мамлекеттик кызматтар)**, **же почтага** кайрылсаңыздар, сизге “чет өлкөлүк жарандын жүрүү жерине келгендиги жөнүндө маалымдоосу” бланкын беришет. Маалымдаманын бир тарабына турак жайдын кожоюну (“кабыл алуучу тарап”) жөнүндө маалыматты, башка жагына – сиз жөнүндө (“келген жери боюнча каттоого алынуучу адам”) маалыматты көрсөтүү зарыл. Баракчага сиздин паспорттун көчүрмөсүн (паспорттун ээси жөнүндө маалыматы бар бетин гана), ошондой эле сиздин миграциялык картанын көчүрмөсүн тиркөө керек.

**ИИМ ММББда (КФЦда)** каттоого туруу акысыз, бирок документтердин (паспорттун жана миграциялык карточканын) көчүрмөлөрү өзүңүздүн жаныңызда болушу керек – аларды алдын ала даярдап алыңыз. Каттоо белгисин шыр эле алсаңыз болот.

**Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн интернет-порталы аркылуу катталуу боюнча: www.gosuslugi.ru электрондук порталын ачып, "Чет өлкөлүк жарандарды жашаган жерине каттоо" кызматын тандап, "Кызматты ал" баскычын басып, андан кийин талап кылынган талааларды толтуруп, тиркөө керек мигранттын жана үй ээсинин сканерленген документтеринин көчүрмөлөрү жана форманы жөнөтүү.**

ЫРААЗЫ!

**Почтада** сиздин маалымдаманы ИИМ ММББга жөнөткөндүк жана жеринде документтердин көчүрмөсүн алгандык үчүн **азыраак төлөм** (болгону 250-300 рублга жакын) **алышат**. Почта бөлүмүнүн штампы басылган каттоо кагазын жеринде шыр эле аласыз.

**Каттоону үч айга алууга болот**. Андан соң, эгерде сиз жумуш таап калсаңыз жана келишим же патентиңиз болсо, аны узарта аласыз.

Эгерде сиз расмий түрдө жумуш таба албасаңыз – анда сиз катталуу мөөнөтүңүз аяктаганга чейин Россиядан чыгып кетүүгө милдеттүүсүз.

3 Эгерде турак жай берип жаткан болсо, Сизди иш берүүчүңүз каттоого тургуза алат.

**МААНИЛҮҮ!** 2018-жылдан тарта Россияда чет өлкөлүк жаран учурда жашап жаткан жери боюнча гана миграциялык каттоого тура алат.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде иш берүүчү сизди каттодон өткөрүүгө даяр болсо, ал үчүн сиздин паспортту алууга акысы жок.

**МААНИЛҮҮ!** Россиянын аймагында убактылуу катталуу аркылуу жарым жыл ичинде (180 календарлык күн) 90 күндөн ашык жүрүүгө болбойт. Эгерде бул мөөнөт аралыгында өлкөдөн чыгып кетпесеңиз жана патентти төлөп же жумушка орношкон менен каттоону узарта албасаңыз – сиз мыйзамды бузган болосуз: сизге айып салынышы жана 10 жылга чейин кирүүгө тыюу салуу менен өлкөдөн чыгарып жиберүүлөрү мүмкүн.

**МААНИЛҮҮ!** Акысына каттоого тургузууну жана башка документтерди тариздеп берүүнү сунуштаган көп сандаган фирмалар бар. Алардын көпчүлүгү жасалма документтерди беришет. Сак болгула, анткени жасалманы көз менен ажырата билүү дээрлик мүмкүн эмес, жасалма документ менен кармалсаңыз – кылмыш жоопкерчилиги сизге жүктөлөт! Эгерде ушундай жасалма катталуу кагазын миграция кызматынын же полициянын кызматкерине көрсөтсөңүз, сизге айып төлөтүп жана 10 жылга чейин кирүүгө тыюу салуу менен **өлкөдөн чыгарып жиберүүлөрү мүмкүн.**



КАТТООГО ТУРУУ

# ОШЕНТИП

» Россияга келгандан сўнг 7 иш куни ичида ўзингиз яшаётган меҳмонхона ёки ётоқхона, квартира эгаси ёхуд иш берувчи орқали регистрацияни расмийлаштиринг.

» Паспортингизни “регистрацияни расмийлаштириш учун” ёки “гаров”га ҳеч кимга берманг!

» Тўлов эвазига регистрацияни расмийлаштиришни таклиф этаётган фирмаларга ишонманг: улар сизга сохта ҳужжат бериши мумкин.

» Эсда тутинг: регистрациянинг йўқлиги ёки сохта ҳужжатларни тақдим этиш жаримага ва депортацияга сабаб бўлиши мумкин! Таваккал қилманг!

» Регистрацияни паспорт ва миграция картаси билан бирга Россиядан чиқиб кетгунча сақланг.

# РОССИЯДА ИШТӨӨ: ПАТЕНТ ЖАНА АНЫ КАНТИП АЛУУ КЕРЕК

Россияда мыйзамдуу негизде иштөө үчүн сизге патент керек (Белоруссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Армениянын жарандарынан башкаларга).

**Патент** жеке адамдын колунда, мекемеде (фирмада) же жеке ишкерде иштөө үчүн берилет.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде сиз Россиянын жаранында иштеп, анын жеке өзү үчүн жумуш аткара турган болсоңуз, анда жеке адамда иштөө үчүн патент аласыз (мисалы, эгер анын балдарын карасаңыз, оорулуу же улгайган адамды баксаңыз, үй жыйнап же тамак даярдасаңыз, кимдир бирөөгө үй курууга же батир оңдоого жардамдашсаңыз ж.б.). Башка учурларда патент юридикалык жакта же жеке ишкерде иштөө үчүн алынат.

**МААНИЛҮҮ!** Көңүл бургула: эгерде жеке адамда иштей турган болсоңуз, анда сиз менен жарандык-укуктук келишим (же кызмат көрсөтүү келишими) түзүлөт. Келишимдердин ар кандай түрлөрү жөнүндө төмөндө сөз болот.



## ПАТЕНТТИ КАНТИП АЛУУГА БОЛОТ?

**Патент** алуу учурунда ишмердиктин кайсыл түрүнө берилип жаткандыгын жана Россия Федерациясынын кайсыл субъектисинин аймагында уруксат берилгендигине көңүл бургула. **Россия Федерациясынын субъектилери – бул Москва жана Санкт-Петербург шаарлары**, ошондой эле **облустар, крайлар** же Россиянын курамына кирген **республикалар**. Сиз патентте көрсөтүлгөндөн башка кесип боюнча же Россиянын башка аймагында иштей албайсыз!

Патент биринчи жолу бир айдан **12 айга чейинки** мөөнөткө берилиши мүмкүн.

Иштөөгө берилген патенттин жарактуулук мөөнөтү алынган күндөн тарта 12 айдан ашпайт. Андан соң ошол эле патентти дагы 12 айга чейин узартууга болот. Тагыраак айтканда бир эле патент **2 жылга чейин** жарактуу болушу мүмкүн. Андан кийин патентти узартууга болбойт жана сиз Россиядан чыгып кетүүгө милдеттүүсүз.

Патенттерди Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыктын бөлүмдөрү (ИИМ ММББ) же мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн көп фунционалдуу борборлору (КФБ) берет, бирок бардык түрлөрүн эмес. Бир катар аймактарда Бирдиктүү миграциялык борборлор (БМБ) иштейт. Эң эле жөнөкөй жолу – патентти кайдан алуу керектигин сизди каттоого алган ИИМ ММББнын кызматкеринен суроо керек. Ошондой эле документтерди кабыл алуу жана даяр патенттерди алуу күндөрүн тактагыла: ИИМ ММББ жана КФБнын иштөө графиктерин кээде түшүнүү кыйын.

Патент алууга арыздын үлгүсүн интернеттен, мисалы бул даректен: **https://migrantmedia.ru/wp-content/blanki-obrazcy/zayavlenie-na-patent-na-rabotu-na-2018-god.xlsx** чыгарып алууга же түз эле ИИМ ММББнын бөлүмүнөн же КФБдан алууга болот. Аны кол жазма түрүндө (жакшысы басма тамгалар менен) же компьютерде толтурууга болот.

ЫРААЗЫ!

**МААНИЛУУ!** Кээ бир учурларда ИИМ ММББнын кызматкерлери кол жазма үчүн жемелеп, “сизге документти акча үчүн ойдогудай толтуруп бере турган” айрым бир фирмаларды сунуш кылышат. Сиз аларды аткарууга милдеттүү эмессиз! ИИМ ММББнын кызматкерлеринин бул сыяктуу аракеттери үчүн ИИМдин Өздүк коопсуздук департаментине арыздансаңыз болот: +7 (495) 667-07-30.



## ОРУС ТИЛИ, РОССИЯНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА НЕГИЗГИ МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ЭКЗАМЕН

2015-жылдан тарта бардык чет өлкөлүк иштөөчүлөр патентке документ тапшыруу учурунда орус тили, Россиянын тарыхы жана негизги мыйзамдары боюнча билимдерин далилдөөгө милдеттүү. Аны үч ыкма менен жасоого болот:

**1) Россияда атайын экзамен тапшыруу менен 5 жылга жарактуу сертификат алуу.**

**2) Эгерде сиз мектепти 1991-жылдын 1-сентябрына чейин СССРдин мезгилинде аяктаган болсоңуз, 8 же 10-классты бүткөндүгү тууралуу мектеп аттестатын көрсөтүү.**

**3) Россиянын аймагында окуу жайын бүткөндүгү тууралуу 1991-жылдын 1-сентябрынан кийин алынган дипломду көрсөтүү.**

Эгерде экзамен тапшыра турган болсоңуз анын акы төлөнөөрүнө көңүл буруңуз, экзаменди ири шаарларда жана атайын окуу борборлорунда гана тапшырууга болот. Мындан тышкары, экзамен тапшыруу үчүн бир нече күн же бир жума мурда алдын ала жазылуу керек болот. Ал эми даяр сертификатты алуу үчүн дагы 10 жумушчу күнгө чейин убакыт талап кылынат.

## ПАТЕНТ ЖАСАТУУ ҮЧҮН АРЫЗДАН ТЫШКАРЫ, СИЗГЕ ДОКУМЕНТТЕРДИН ЧОҢ ТОПТОМУ ТАЛАП КЫЛЫНАТ:

- Сиздин **паспортуңуз**
- **Паспорттун көчүрмөсү**
- Россияда нотариалдык күбөлөндүрүлгөн **паспорттун котормосу**
- Келүү максаты "ЖУМУШ" деп көрсөтүлгөн **миграциялык карта**
- Сиз иштөөгө ниеттенип жаткан субъектте (шаарда, облуста) берилген медициналык камсыздандыруу полиси
- Патент алууга арыз
- Жугуштуу оорусу жоктугу жөнүндө атайын документ (аны алдын ала даярдоо керек)
- Орус тилин билүүсү, Россиянын тарыхы жана негизги мыйзамдары боюнча экзамен тапшыргандыгы жөнүндө сертификат
- **Катталуу**
- Салык төлөгөндүгү жөнүндө квитанция. Салыктын айлык так өлчөмүн сиздин аймактагы ИИМ ММББдан тактай аласыз. Салыкты алдын ала, бирок үч айдан ашык эмес мезгил үчүн төлөөгө болот. Салыкты сиз Сбербанктын каалаган бөлүмүнөн төлөй аласыз. Квитанция толтуруунун үлгүсүн (эсеп номерлери жана башка реквизиттер) ИИМ ММББнын бөлүмүнөн табууга же КФБдан билүүгө болот
- 3х4 өлчөмүндөгү **2 түстүү фотосүрөт** (алар арызга чаптоо үчүн керектелет)

**МААНИЛҮҮ!** Көпчүлүк аймактарда КФБлар документтердин толук топтомун шыр эле ыраатка келтирип алууну сунуш кылышат. Бул КФБга кайрылуу менен медициналык камсыздандыруу полисин сатып аларыңызды, экзамен тапшырууну, врачтардын кароосунан өтүүнү, документтерди орус тилине котортууну жана ошол жерде гана көбөйтүүнү билдирет. Бир эле документ үчүн кайталап акча төлөбөш үчүн бардык нюанстарды алдын ала билип алуу жөн.

БМБда документтерди жасатуунун болжолдуу баасы 20-25 миң рубль турат. Маалымат үчүн сиздер Москва БМБнын сайтына баш багып көрсөңөр болот:**http://migrantcenter.ru/cont/oformlenie-patenta-opr-153.html**

Сиз кошумча ай сайын салык төлөйсүз. Анын өлчөмү 2015-жылдан бери Россиянын ар башка аймактарында бир нече эсеге айырмаланып турат. Мисалы, Москвада – 4000 рубль болсо, башка аймактарда 1500 рублдан 8000 рублга чейин жетиши мүмкүн.

Экзамен тапшыруу жана медициналык мекемелердин кароосунан өтүү жетиштүү эле көп убакытты талап кыларын эсиңерге алгыла, ошондуктан адистерге алдын ала эртелеп жазылуу керек, бардык справкалардын жарактуу мөөнөтү бар, ал эми КФБда көп күндүк кезек күтүүлөр болот. Россияга барууга камынып жатып ушуларды эске алуу зарыл!

Документтердин жок дегенде жарым-жартылайын өзүңүз жасоого аракет кыласызбы же Бирдиктүү Миграциялык борборго (БМБ) же КФБга кайрыласызбы маанилүү эмес, эгер кандайдыр бир себептер менен Россияга келген учурдан тарта 30 күн аралыгында бардык документтерди топтоп тапшырууга үлгүрбөй калсаңыз, айып төлөө үчүн жаныңызда кеминде 10-15 миң рубль өлчөмүндө акчаңыз болушу керек, ансыз патент үчүн сиздин документтерди кабыл алышпайт.

Мындан сырткары, бийликтер каалаган учурда аймакта патент берүүнү убактылуу токтотуп коюшу мүмкүн, натыйжада сиз патент алуу үчүн башка аймакка барууга мажбур болосуз же миграциялык мыйзамды бузбаш үчүн Россиядан чыгып кетишиңиз керек.

Ошондуктан, бардыгы жөнүндө алдын ала, ушул китепчеде көрсөтүлгөн телефондор боюнча да сурап билүү керектигин эсиңерден чыгарбагыла.

## МЫНДАН КИЙИН:

**ИИМ ММББда, БМБда же КФБда сиздин арызды каттоого алып, сизге кабыл алынгандыгы тууралуу штамп басылган көчүрмөсүн берүүлөрү керек.**

**10 жумушчу күндөн кечиктирбестен сизге иштөө үчүн патент беришет. Эгер зарыл документтердин баарысын тапшырган болсоңуз, сизге патент берүүдөн баш тарта алышпайт.**

**Эгерде сиздин документтер туура эмес даярдалган болсо, же кайсыл бири жетишсиз болсо жана патент беришпесе, баш тартуунун себебин кат жүзүндө түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Ошондо гана сиз өз катачылыктарыңызды оңдоп, документтерди кайрадан тапшыра аласыз.**

**Патентти сиз жеке өзүңүз алышыңыз керек**

Патентти узартууда мыйзам боюнча сиз патенттин жарактуу мөөнөтү аяктоого **1 күн калганга чейин** кийинки ай үчүн салык төлөп коюшуңуз керек. Иш жүзүндө көп учурда акчалар банк аркылуу 3 же ал турсун 5 жумушчу күн дегенде араң түшөт. Натыйжада, ИИМ ММББнын базасында сиздин төлөм өз убагында чагылдырылбай калса, көйгөй жаралышы мүмкүн. Ошондуктан, ишенимдүү болуш үчүн патент мөөнөтү аяктаганга чейин бир апта мурда эле салык төлөп койгон оң. **Төлөм жөнүндө бардык квитанцияларды сөзсүз сактаңыз** – аларсыз сиздин патент жараксыз болот!

Патенттер жөнүндө мыйзам кабыл алынгандан кийин биринчи учурларда ИИМ ММББ патенттин узартылышын автоматтык түрдө каттоонун узартылышы катары эсептеп келген: тактап айтканда, кийинки ай үчүн салыкты төлөө каттоонун автоматтык узартылышын түшүндүргөн. Арийне, акыркы мезгилде мыйзам башкача чечмелене баштады. Ушундан улам көптөгөн иштөөчүлөргө айып салынып, жарактуу патенттери бар экендигине карабастан, каттоосу жок деген шылтоо менен депортацияланган учурлар бар. Ошондуктан, биз кандай болгон күндө да катталууну ар 3 айда узартып алууга кеңеш беребиз.

Бир патент менен эле сиз расмий түрдө бир нече иш берүүчүдө иштей аласыз.

Патент Россия Федерациясынын кайсыл субъектисинде берилсе, ошол жерде гана иштөөгө укук берет. Россия Федерациясынын субъектилери – бул Москва жана Санкт-Петербург шаарлары, ошондой эле облусттар, крайлар же Россиянын курамына кирген республикалар. **Мындан сырткары, 2015-жылдын июлунан тарта патентте көрсөтүлгөн гана кесип боюнча иштөөгө болот.**



## ОШЕНТИП

*РОССИЯДА ИШТӨӨ: ПАТЕНТ ЖАНА АНЫ КАНТИП АЛУУ КЕРЕК*

- *Эгерде сиз Россияга барып иштегени жатсаңыз – фирмада же кимдир бирөө үчүн иштейсизби – сиз патент алууга милдеттүүсүз (Казакстандын, Кыргызстандын, Арменияның жана Белоруссиянын жарандарына тиешеси жок).*

- *Патент алуу үчүн документтерди ИИМ ММББга же ыйгарым укуктуу уюмдар – БМб же КФБга тапшырууга болот. Патентти сиз жеке өзүңүз алышыңыз керек.*

- *Патент алууга арызды толтургандык үчүн кайсыл бир фирмага акча төлөөгө сизди эч ким мажбурлай албайт. Жакшы жери аны компьютерде, андай шарт жок болсо басма тамгалар менен кол жазма түрүндө толтуруу керек.*

- *Патентти алуу же узартуу үчүн ар ай үчүн салык төлөп туруу керек. Салыкты төлөө үчүн акыркы күнгө чейин күтпөгүлө – төлөм банк аркылуу ИИМ ММББга жеткенче бир нече күн өтүп кетиши мүмкүн.*

# ОШЕНТИП

*РОССИЯДА ИШТӨӨ: ПАТЕНТ ЖАНА АНЫ КАНТИП АЛУУ КЕРЕК*

*» Патент документтерди тапшыргандан 10 жумушчу күн өткөндөн кийин гана жеке өзүңүзгө берилет.*

*» Эгерде сиз бардык зарыл документтерди тапшырсаңыз, сизге патент берүүдөн баш тарта алышпайт.*

*» Эгерде сиздин документтериңиз жайында болбосо, патент берүүдөн эмне үчүн баш тартылгандыгы жөнүндө түшүндүрмөсү менен расмий кагаз берүүлөрү керек. Ошондо гана сиз каталарыңызды оңдой аласыз. Бирок, патент үчүн документтерди кайрадан бир жылдан кийин гана тапшыра аласыз.*

*» Сиздин жарактуу патентиңиз болгон күндө дагы баары бир катталуу керек. Аны ар үч айда узартып туруңуз.*

*» Эч качан жана эч кимге паспортуңузду бербеңиз! Паспортсуз сиз кылмышкерлердин курмандыгы болуп жана кулчулукка кабылып калышыңыз мүмкүн.*

*» Каттоого туруунун чыгымдары арзыбаган эле акчаны талап кылат. Эгерде иш берүүчү сиздин айлык эмгек акыңызды (эки айлык, үч айлык) каттоого тургуздум деп кармап калса – бул алдамчылык жана тоноочулук!*

# РОССИЯДА ИШТӨӨ:
# ИШ БЕРҮҮЧҮ МЕНЕН КЕЛИШИМ

Ошентип, сиз Россияда мыйзамдуу жашап жана иштөө үчүн бардык зарыл документтерди даярдадыңыз – сиздин каттооңуз жана патентиңиз бар.

Мына эми көптөн күткөн ишке орношуу учуру да келди. Тилекке каршы, иш берүүчүлөрдүн арасында эмгек мигрантын алдап, жаман шарттарда көбүрөөк иштетип, азыраак төлөгүсү, ал турсун сиздин өз укуктарыңызды билбегениңизден пайдаланып, таптакыр эле бекер иштеткиси келген адамдар да кездешет

**Мындай жагдайларга кабылбоонун жакшы ыкмасы – иш берүүчү менен туура түзүлгөн жана кол коюлган келишим болушу керек.**

## КАНДАЙ КЕЛИШИМДЕР БОЛОТ?


Иш берүүчү менен эки түрлүү келишим түзүлүшү мүмкүн: **эмгек же кызмат көрсөтүү келишими**. Сиз кандай түрдөгү келишим түзгөндүгүңүздү билүү үчүн анын жогорку саптарына көз чаптырыңыз – ал жерде “Эмгек келишими”, “Кызмат көрсөтүү келишими” ж.б., ошондой эле келишимдин номери жана түзүлгөн күнү көрсөтүлөт

Келишимдердин айырмасы, эгерде сизде эмгек келишиминен башка бардык келишимдер болсо, сиздин акы төлөнүүчү эмгек өргүүсүнө чыгууга жана дарылануу үчүн тыныгуу алууга укугуңуз жок болот.

## ИШ БЕРҮҮЧҮ МЕНЕН ТҮЗҮЛГӨН КЕЛИШИМДЕ ЭМНЕЛЕР КӨРСӨТҮЛҮШҮ КЕРЕК?

1 **Сиздин иш берүүчүңүз ким?** Иш берүүчү менен түзүлгөн ар кандай келишимдерде эгерде ал фирма болсо, иш берүүчүн толук юридикалык аталышы (же эгер жеке адам болсо анын толук аты-жөнү), дареги (шаар, көчө, үй, почта дареги) телефону, анын банктагы эсептеринин көрсөтүлүшү абдан маанилүү.

**МААНИЛҮҮ!** Өзүңдүн иш берүүчүнү билүү керек – ал сизге өз атын жана мобилдүү телефонунун номерин гана айткан бригадир же башка бир күмөндүү ортомчу эмес, ошол бригадирге акча төлөп жаткан компания. Дал ушул компаниядан гана сиз эмгек акы боюнча аласаңызды же компенсацияларды талап кыла аласыз.



2 **Сиз кимсиз?** Келишимде сиздин фамилияңыз, атыңыз,атаңыздын аты, өз өлкөңүздөгү дарегиңиз, Россияда катталган жериңиздин дареги, паспорттук маалыматтарыңыз көрсөтүлүшү керек.

**МААНИЛҮҮ!** Келишимде сиз тууралуу маалыматтар так көрсөтүлүшү керек – анткени алар эмгек акыны сиздин ларыңызды тастыктайт.

3 **Келишим кандай мөөнөткө түзүлөт**. Эмгек келишими негизинде каалаган мөөнөткө (мисалы, 1 айга) түзүлүшү, балким мөөнөтсүз (башкача айтканда сизди туруктуу жумушка айларын же жылдарын так көрсөтпөстөн кабыл алат) болушу мүмкүн, бирок адатта чет өлкөлүктөр иштеген иш берүүчүлөр алар менен патенттин жарактуу мөөнөтүнө гана келишим түзүшөт.

**МААНИЛҮҮ!** Россиялык мыйзамдарда адамды эмгек келишиминин мөөнөтү аяктагыча эле иштен бошотууга боло турган чектелүү себептердин тизмеси каралган. Алар негизинен ишкананын жабылышына, штаттын кыскарышына же эмгек тартибинин одоно бузулушуна: ишке чыкпай коюу, ичкилик ичүү, уурулук жасоо, мамлекеттик же коммерциялык сырды шардана кылууга байланыштуу. Эч кимди жеке себептер боюнча, ооруп калганды же кош бойлуулугу үчүн иштен бошотууга болбойт. Иштен бошоп жаткан көп учурларда сизге компенсация төлөнүшү керек. Эгерде сиз өзүңүздү иштен адилетсиз бошотушту деп эсептесеңиз, ушул китепченин акыркы бетиндеги телефондор боюнча кайрылыңыз.

4 **Эмгек акынын өлчөмү**. Көп учурларда иш берүүчүлөр келишимде оозеки убада кылган эмгек акыдан аз өлчөмдөгү сумманы жазышат. Эмне үчүн? Бул ашыкча салык төлөбөс үчүн акчаны жарым легалдуу бүдөмүк схема боюнча алып чыгуунун жолу. Иш берүүчү өз убадасын аткарабы? Эгерде аткарбаса, сиз өзүңүздүн чындыгыңызды далилдей албайсыз – келишимдин этегиндеги сиздин колуңуз анда көрсөтүлгөн суммага иштөөгө макул богонуңузду билдирет. Мындай шарттарга макул болуу менен сиз иш берүүчүгө жакшы, өзүңүзгө жаман кызмат көрсөтүп жаткан болосуз.

**МААНИЛҮҮ!** Сиздин эмгек акыдан 13% же 30% киреше салыгы кармалат. Эгерде сиз Россияда 183 күндөн ашык жүргөнүңүздү документтер (катталуу, патент, 183 күндөн ашык мөөнөткө эмгек келишими ж.б.) менен далилдей асаңыз, салык 13%ды, андай болбосо Россиянын жарандарыныкындай эле – 30%ды түзөт.

**МААНИЛҮҮ!** Кандай болгон күндө да иш берүүчү мыйзам тарабынан белгиленген толук иш күнү, т.а. жумасына 40 саат үчүн эмгек акынын минималдуу өлчөмүнөн азыраак төлөөгө укугу жок. 2020-жылы ал Россияда 12 130 сомду түзөт. Айрым аймактарда минималдуу эмгек акынын өлчөмүнүн деңгээли кыйла жогору болушу мүмкүн. Кийинки бетте – ушундай аймактардын тизмеси жана сандары көрсөтүлгөн.

5 **Жумуш убактысы.** Эмгек келишиминде нөөмөттүк графиктер, иштөө сааттары, тыштөнүү убактысы ж.б. көрсөтүлүшү керек. иш берүүчү бул шарттарды өз алдынча өзгөртө албайт, бул тууралуу ал сизге эскертип жана сиздин макулдугуңузду алышы керек. Ири ишканалардын келишимдеринде бул маалыматтар кээде ички тартип эрежелери катары каралат; мындай учурда алар менен келишимге кол койгонго чейин сөзсүз таанышыңыз – ошондо гана кандай шарттарга макул болуп жатканыңызды билесиз. Тилекке каршы, иш берүүчү бул эрежелерди сизге айтпай эле өзгөртүп коюусу мүмкүн, ошондуктан, эмгек келишиминде болушунча көбүрөөк маалыматтардын жазылганы жакшы.

6 **Эмгек милдеттенмелери.** Келишимде сиз кандай жумуш аткара тургандыгыңыз, сиздин эмгек милдетиңизге эмнелер кирээри конкреттүү жазылышы керек. Мисалы, эгерде сиз слесарь болсоңуз, сизди идиш жууга же жүк түшүрүүгө мажбурлай алышпайт.

7 **Башка орчундуу шарттар.** Бул ири алды иш убактысынын ченеми. Андан соң сыйлык берүүнүн шарттары жана эмгек өргүүсүнүн узактыгы. Иш берүүчү мисалы, коммерциялык сырды сактоонун шарттарын ж.б. киргизүүсү мүмкүн.

**МААНИЛҮҮ!** Келишимдердин бардык түрлөрү эки нускада түзүлөт. Бул жерде сиз келишимге шыр эле кол коюуга милдеттүү эмессиз: аны үйгө ала кетип, кылдаттык менен окуп чыгуу керек же юристтен кеңеш алсаңыз болот (мисалы, ушул китепченин аягында көрсөтүлгөн телефондорго чалуу менен). Сиз жана иш берүүчү эки нускага бирдей кол коёсуздар, ал эми иш берүүчү мындан сырткары келишимде “иш берүүчү” деп көрсөтүлгөн уюмдун мөөрүн сөсүз басуусу керек. Ушундан кийин келишимдин бир нускасы сизде калат, бул сиздин документиңиз.

Эгерде иш берүүчү келишимге кол коюуга шаштырса же анын экинчи нускасын бербей жатса, демек мунун артында алдамчылык бар, текстте сизге жакпай турган же иш берүүчүнүн арам максатын ачыктап коюучу бир нерсе бар. Мындай учурлардан сактаныңыз!

Эгер сиз менен эмгек келишими түзүлсө, сиз ишке чыккан учурдан тарта 5 жумушчу күн аралыгында иш берүүчү **россиялык үлгүдөгү эмгек китепчеңизге маалымат жазууга** милдеттүү. Көңүл буруңуз, Россиянын аймагында россиялык жана советтик 1974-жылкы үлгүдөгү эмгек китепчелери жарактуу. Сиздин өлкөңүздө берилген эмгек китепчесиндеги жазуулар Россияда жараксыз болуп саналат.

## ЖУМУШТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ АКТЫСЫ

Эгерде сиз менен **иш аткарууга же кызмат көрсөтүүгө келишим** түзүлсө, өз жумушуңузду аткаргандан кийин сиз жана иш берүүчү **жумуштарды кабыл алуу жөнүндө эки бирдей нускадагы актыга** кол коёсуздар. Актыда жумушту кабыл алуунун датасы, сиз иштеген уюмдун мөөрү жана жетекчинин кол тамгасы турушу керек. Эгерде жеке адамга иштесеңиз, анда мөөр болбойт.

Кол коюлган жана мөөр басылган бир нускасы сизде калат: бул жумушту аткарганыңызды жана эмгек акы аларыңызды далилдөөчү сиздин документиңиз.

**МААНИЛҮҮ!** Сиз жумушка орношкондон кийин сиз иштеп жаткан уюмдун же компаниянын (же сиздин иш берүүчүңүздүн, эгерде жеке адам болсо) келишимде жазылган дарегин, иш берүүчүнүн телефонун жана директордун толук аты-жөнүн (келишимде көрсөтүлгөн) өз туугандарыңызга сөзсүз маалымдаңыз. Эгерде сиз келишимде көрсөтүлгөндөн башка дарек боюнча иштеп жатсаңыз – сизди табууга боло турган даректердин баарысын туугандарыңызга билдириңиз.



# ОШЕНТИП

РОССИЯДА ИШТӨӨ:
ИШ БЕРҮҮЧҮ МЕНЕН КЕЛИШИМ

*» Иш берүүчү менен сөзсүз келишим түзүңүз – эмгек же жумуш аткаруу (кызмат көрсөтүү келишими).*

*» Келишимге эки нускада кол коюлат, иш берүүчү колунан тышкары аны мөөрү менен бекемдеп, экинчи нускасын сизге бериши керек.*

*» Эгерде сизди шаштырып жатышса, келишимдин текстин окуткулары келбесе, экинчи нусканы бербей жатышса – бул алдамчылык аракеттердин нагыз белгиси.*

*» Келишимде сиздин иш берүүчүнүн ким экендиги, келишим кандай мөөнөткө түзүлгөндүгү, кандай жумуш аткараарыңыз, графиги жана кандай эмгек акыга жумуш аткара турганыңыз так көрсөтүлүшү керек.*

*» Эгерде келишимде көрсөтүлгөн эмгек акы өлчөмү оозеки убада кылынгандан айырмаланса, анда сизди алдап жатышканы.*

*» Эгерде сиз эмгек келишими боюнча иштеп жаткан болсоңуз россиялык үлгүдөгү эмгек китепчеңизге жазууларды түшүрүүгө милдеттүү (чет өлкөлүк эмгек китепчелери Россияда жараксыз).*

*» Эгерде сиз иш аткаруу же кызмат көрсөтүү келишими боюнча иштеп жатсаңыз, жумушту аткаргандан кийин сиз жана иш берүүчү жумуштарды кабыл алуу жөнүндө актыга кол коёсуздар (эки нускада: бири сиздики, экинчиси иш берүүчүнүкү), анын негизинде сиз акча аласыз.*

*» Кайда жашап жана иштеп жатканыңызды, сизди табууга боло турган бардык даректер менен телефондорду Россиядагы жана мекениңиздеги өзүңүздүн туугандарыңыз менен жакындарыңызга сөзсүз билдириңиз.*

# РОССИЯДА ИШТӨӨ: ЖУМУШ ОРДУНДАГЫ СИЗДИН УКУКТАРЫҢЫЗ

Жумуш ордунда сиздин укуктарыңыз бар экендигин билиңиз – алар россиялык иштөөчүлөрдүн укуктарынан эч айырмаланбайт. Эгер каттооңуздун, башка документтериңиздин жарактуулук мөөнөттөрү өтүп кеткен же алар жасалма болуп чыкса дагы эч ким сизди эмгек укуктарыңыздан ажырата албайт.

## ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ БИЛИҢИЗ!

- **Сиздин жарандыгыңызга, катталуунун жана иштөөгө уруксаттын бар-жогуна карабастан, сизди эч ким иштөөгө мажбурлай албайт.**

- **Сиздин жарандыгыңызга, катталуунун жана иштөөгө уруксаттын бар-жогуна карабастан, сизге өз убагында жана толук көлөмдө эмгек акы төлөөгө милдеттүү.**

- **Россияда иш берүүчүлөрдүн кызматкерлерге айып төлөтүүсүнө тыюу салынган.**

## БАШКЫСЫ: ЭМГЕК АКЫ

**Эмгек акы сизге рубль менен гана төлөнүшү керек.** Кээде мыйзам эмгек акынын 20%дан ашпаган бөлүгүн акчалай эмес, мисалы азык-түлүк же сиздин ишкананын продукциясы менен төлөөгө уруксат берет. Бирок, муну эгерде сиздин эмгек келишимиңизде ушундай деп көрсөтүлсө жана эмгек акы төлөөнүн ушундай үлгүсүнө макулмун деген кагаз жүзүндөгү арызга кол койсоңуз гана жасоого мүмкүн.

Кээде иш берүүчүлөр эмгек акынын көп бөлүгүн **сыйлык жана сыйакынын башка түрү** катары көрсөткүлөрү келет. Ошондуктан, сиздин эмгек келишимиңизде сыйлык эмне үчүн берилери, иш аткаруу көлөмү канча болоору, сыйлоонун көрсөткүчтөрү жана шарттары болушунча кеңири жазылышына көңүл буруңуз.

**МААНИЛҮҮ!** Мыйзам боюнча жумуш берүүчү сизден эч кандай айып өндүрүүгө укугу жок. Демек, айыппул тууралуу келишимде жазууга укугу жок.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде сиз эмгек келишими боюнча иштесеңиз, эмгек акыны айына 2 жолу – б.а. ар 2 жумада бир жолу төлөөгө милдеттүү. Эгерде сизге эмгек акы 15 күндөн ашык убакыт төлөнбөй жатса, иш берүүчүгө кат жүзүндө эскертип, ишти токтотууга укуктуусуз. Арийне, мыйзамда көп нюанстар бар, эмгек акы өз убагында төлөнбөй жатканда туура кадам жасоо үчүн ушул китепченин аягында көрсөтүлгөн телефондор боюнча чалып, өз укуктарыңызды коргоо үчүн кеңеш алгыла.

## КООПСУЗ ИШТӨӨ

1 **Иш берүүчү эмне кылышы керек:** Сиз кайда гана иштебеңиз – ири ишканадабы же үй кызматындабы – сиздин иш берүүчү Эмгек кодексинин эрежелерин, алардын ичинде санитардык ченемдерди сактоого жана **эмгектин коопсуз шарттарын** камсыздоого милдеттүү. Иш берүүчү **коопсуздук чаралары** жөнүндө сиз менен сөзсүз түрдө инструктаж өткөрүүгө милдеттүү: ишкананын кооптуу зоналары жана объекттери, коргонуу жабдууларын ж.б. кантип колдонуу керектиги жөнүндө айтып бериши керек.

Эгерде сиз кооптуу жумуштарда иштесеңиз, анда иш берүүчү сизди акысыз **коргонуу каражаттары менен камсыздоого** милдеттүү: мисалы, колкаптар, көздүү, дем алууну коргоо үчүн каражаттар, атайын кийимдер ж.б. Эгерде иш берүүчү булардын баарысын жасабаса, сиздин өмүрүңүзгө жана ден соолугуңузга коркунуч туудуруучу шартта иштөөдөн баш тартууга укугуңуз бар: бул учурда иш берүүчү иштин токтогондугу үчүн акы төлөөгө милдеттүү, б.а. сизге эмгектин коопсуз шарты камсыздалбагандыктан, иштебегендигиңиз үчүн эмгек акы төлөйт.

2 **Сиз эмне кылышыңыз керек:** Сиз, кызматкер катары **эмгектин коопсуздугу жана корголушу боюнча талаптарды сактоого** милдеттүүсүз: эгер сиз буларды жасабасаңыз, иш берүүчү сиз менен бир кокустук болсо, жоопкерчилик тартат, ал эми сиз компенсация ала албайсыз. Мисалы, жумуш убагында спирт ичимдиктерин ичүүгө, электр приборлору менен иштөөнүн техникалык коопсуздук чараларын бузууга ж.б. тыюу салынган. Эгерде техникалык коопсуздук эрежелери боюнча кайсыл бир жумушту аткарууда атайын кийим, каска кийүү, атайын сактык жабдууларын пайдалануу ж.б. талап кылынса, сиз ал талаптарды сактоого милдеттүүсүз.

## ЖУМУШЧУ КҮНДҮН УЗАКТЫГЫ, НӨӨМӨТТӨРДҮН ГРАФИГИ

Россиялык мыйзам боюнча, **жумушчу жуманын узактыгы 40 сааттан**, зыяндуу жана кооптуу шарттарда 36 сааттан ашпайт. **Кадимки жумушчу күн – 8 саат** (түштөнүү үчүн тыныгуу буга кирбейт), жумасына беш күн.

Бирок, иш берүүчүдө нөөмөттүү жумуштардын башка графиктери болушу мүмкүн – мисалы, 12 сааттык же суткалык нөөмөттөрдүн жылышма графиги. Кандай болгон күндө да жумалык жумуш убактысынын узактыгы – 40 саттан ашпоосу керек.

Нөөмөттөр аралыгында адам канча убакыт эс алуусу керектигин аныктаган атайын мыйзамдар бар: бир нөөмөттө иштегендик үчүн эки нөөмөттүк эс алуу берилет. Эки нөөмөт катары менен иштөөгө тыюу салынган.

Нөөмөт графиги ал башталганга чейин бир ай мурда кол койдуруу менен тааныштырылат.

**МААНИЛҮҮ!** Иш берүүчү сизди ашыкча убакыт иштөөгө мажбурлай албайт!

## УБАКТЫСЫНАН АШЫКЧА ЖУМУШ

Иш берүүчү сизге **убактысынан ашыкча иштөөнү** (жумушчу күн аяктагандан кийин) сунуштай алат, бирок чектелген гана убакытка (эки күн катары менен 4 сааттан жана жылына 120 саатка) жана **кошумча акы төлөөгө** сиздин кагаз жүзүндөгү макулдугуңуз талап кылынат.

Эгерде иш берүүчү сизден дем алыш же майрам күнү иштөөнү суранса, анда да сиздин кагаз жүзүндөгү макулдугуңуз зарыл. Иш берүүчү мындай жумуш үчүн эки эсе өлчөмдө акы төлөп берүүсү же иштеген ар бир дем алыш же майрам күн үчүн сизге акы төлөнүүчү эс алуу берүүсү керек.

**МААНИЛҮҮ!** Сиздин макулдугуңуз жок эле ашыкча иштөөгө мажбурлоочу жалгыз учур – бул табият кырсыктарынын же катастрофалардын кесепеттерин жоюу жумуштары.

Эгерде сиздин келишимде **ченемделбеген жумушчу күн** деп жазылса, демек сиз ар күнү иш берүүчү кандай деп айтса, ошончо убакыт иштешиңиз керек. Ченемделбеген жумушчу күн, бул иш берүүчү **кээде** сизди ашыкча убакыт иштөөгө тарта алаарын билдирет.

**МААНИЛҮҮ!** Боюнда бар аялдарга жумушчу күн же жумушчу жума кыскартылышы керек. Мындан сырткары, мыйзам боюнча боюнда бар аялдарды түнкүсүн (саат 22ден 6га чейин) жана ашыкча убакыт иштетүүгө тыюу салынат. Боюнда бар аялдар жумуштан бошотуудан мыйзам менен корголгон. Өзүңүздү кош бойлуу экендигиңизди иш берүүчүгө кантип билдирүү жана бул маанилүү мезгилде өз укуктарыңызды кантип коргоо жөнүндө юрист менен кеңешиңиз (ушул китепченин аягындагы телефон боюнча).

## МАМЛЕКЕТТИК МАЙРАМДАР ЖАНА ЖУМУШ

Россиядагы майрам күндөрү:

**1, 2, 3, 4, 5, 6, 8 - январь** – Жаңы жылдык каникулдар

**7-январь** – Рождество

**23-февраль** – Мекенди коргоочулардын күнү

**8-март** – Эл аралык аялдар күнү

**1-май** – Жаз жана эмгек майрамы

**9-май** – Жеңиш Күнү

**12-июнь** – Россиянын күнү

**4-ноябрь** – Элдик биримдик күнү

Мамлекеттик майрам алдындагы жумушчу күнү сиздин иштөө убактыңыз 1 саатка кыскарат.

Көңүл буруңуз: эгерде эмгек келишими боюнча сиз дүйшөмбүдөн жумага чейин иштей турган болсоңуз, ал эми майрам күн ишемби же жекшембиге туура келип калса, анда ал дем алыш күндүн эртесине которулат: демек сиз дүйшөмбү күнү жумушка чыкпайсыз.

## ЭМГЕК ӨРГҮҮСҮ

Эгерде сиз эмгек келишими боюнча, жарым же андан аз ставкада иштеп жатсаңыз да, сизге жыл ичиндеги иштөө мезгилиңиз үчүн 28 күндөн кем эмес ар жылкы акы төлөнүүчү өргүү берилет. Эгерде сиз эмгек өргүүңүздү албасаңыз (мисалы, иштен бошонуп кетсеңиз, башка ишке которулсаңыз же көчүп кетсеңиз), сизге компенсация төлөөгө милдеттүү.

## БЕЙТАПТЫК БАРАКЧАЛАР

Эгерде каттооңуз жана медициналык камсыздандырууңуз болсо (ал тууралуу “Медициналык жардам буклетинде кеңири жазылган), медициналык мекемеге кайрылуу менен сиз бейтаптык баракча ачтырып же ишке убактылуу жарамсыздыгыңыз жөнүндө справка ала аласыз. Эгерде ооруганга чейин 6 ай убакыт эмгек келишими менен иштеген болсоңуз, б.а. иш берүүчү сиз үчүн бери дегенде жарым жыл Социалдык камсыздандыруу фондуна төлөм чегерип турса гана, сиз бейтаптык баракчаңыз боюнча ооруган күндөрүңүзгө акча ала аласыз. Белоруссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Армениянын жарандарына эмгек келишими боюнча канча убакыт иштегендерине карабастан, ооруган күндөрү үчүн акча төлөнөт. Арийне, эгерде буга чейин сиз эч качан Россияда эмгек келишими боюнча иштебесеңиз, бейтаптык баракчага аз гана акча төлөнөт. Эмгек келишими боюнча 2 жыл расмий иштөөдөн, иш берүүчү тиешелүү төлөмдөрдү чегерип тургандан кийин гана сиз бейтаптык баракча үчүн эмгек акыңыздын өлчөмүнө жакын акча алууга үмүт кылсаңыз болот.

2015-жылдан тарта Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан жана Армениянын эмгек келишимдери боюнча иштеген жарандары бейтаптык баракча үчүн акча эле эмес, кош бойлуулугу жана төрөгөндүгү үчүн жөлөкпул, бала төрөлгөндө бирдиктүү жөлөкпул, бала баккандыгы үчүн ж.б. жагдайлар үчүн жөлөкпул ала алышат.

Эгерде сиз жарандык-укуктук келишим боюнча иштесеңиз, анда сизге эч кандай төлөмдөр тиешелүү эмес.

**МААНИЛҮҮ!** Спорттук, маданий жана башка массалык иш-чараларды өткөрүүгө акы төлөнбөгөн ыктыярдуу жардамчылар тартылат. Сак болуңуз! Сиздин эмгек келишимиңизде ыктыярдуу катары жумушка орношуп жатат деген жазуу жоктугун текшериниз, анткени андай жазуу сиз акы албастан иштөөгө (жашагандыгы жана тамактангандыгы үчүн гана) ыктыярдуу макулмун дегенди түшүндүрөт!

**МЫЙЗАМДЫ КЫЯНАТТЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНГАНДАРДАН САК БОЛГУЛА!**

# ОШЕНТИП

» Сиз жумуш ордуңузда россиялык кызматкерлерге тиешелүү укуктарга ээсиз.

» Сиздин эмгек укуктарыңыз жарандыгыңызга, каттоонун, патенттин жана башка документтердин бар-жогуна көз каранды эмес. Арийне, патенттин мөөнөтү өтүп кеткендиги же медициналык полис аяктагандыгы үчүн жумуштан бошотуп коюулары мүмкүн экендигин эстен чыгарбаңыз.

» Сизди эмгектенүүгө эч ким мажбурлай албайт.

» Сизге эмгек акыңызды өз убагында (айына 2 жолу, т.а. ар эки жумада) жана толук көлөмдө төлөөгө милдеттүү.

» Россияда иш берүүчүлөрдүн кызматкерлерди айыпка тартуусуна тыюу салынган.

## ОШЕНТИП

» Иш берүүчү иш ордундагы коопсуздукту камсыздоосу, коргоо каражаттарын берүүсү, инструктаж жана окууларды өткөрүүсү керек.

» Сизди убакыттан ашыкча же дем алыш күндөрү иштөөгө мажбурлай албайт.

» Эгерде сиз мындай иштөөгө макул болсоңуз, эмгек акы эки эсе төлөнөт же акы төлөнүүчү эс алуу күндөрү берилет.

» Мамлекеттик майрамдарга байланыштуу кошумча дем алыш күндөрү жана анын алдында кыскартылган иш күнү тиешелүү.

» Чет өлкөлүк кызматкерлер эмгек келишими боюнча 6 ай иштегенден кийин гана бейтаптык баракчалар үчүн акы талап кыла алышат (Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан жана Армениянын жарандарына – биринчи иш күндөн тарта). Бирок, сиздин ооругандыгыңызга байланыштуу ишке чыкпаганыңызды далилдөө үчүн баары бир бейтаптык баракча керек.


1000
СПАСИ
ЗА ПОК

# ИШ ОРДУНДАГЫ ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ КАНТИП КОРГОО КЕРЕК

Ар бир адам эртеби-кечпи иш ордунда көйгөйлөргө же адилетсиздик мамилелерге дуушар болот. Бул эмгек акынын аздыгы, иштөөнүн зыяндуу шарттары, начальниктердин оройлугу жана басмырлоосу, ар кандай мыйзамдуу жөлөкпулдар менен компенсациялардын төлөнбөгөндүгү, ашыкча убакыт иштөөгө мажбурлоо, ыңгайсыз график, айыпжазалар жана башкалар.

Тажрыйба көрсөткөндөй, чет өлкөлүк кызматкерлер көп учурда эмгек акынын төлөнбөгөндүгүнө туш болушат. Ал эми чынында адамдар акча табуу үчүн үй-жайларын таштап Россияга келишет, мыйзамдуу документ алууга аракет жасап, өз жакындарынан алыс бөтөн өлкөдө жашап жүрүшөт.

Эмне кылуу керек?

## ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНИН ДАЛИЛИ

Өз укугуңузду коргоо үчүн сиз **дал ушул иш берүүчүдө иштегендигиңизди далилдешиңиз керек.**

## СИЗДИН ЧЫН ЭЛЕ ИШТЕГЕНИҢИЗДИ КАНТИП ДАЛИЛДӨӨ КЕРЕК?

**Иш берүүчү менен түзүлгөн келишим** – бул башкы, бирок ишканада иштеп жатканыңызды же иштегендигиңизди далилдөөнүн жалгыз ыкмасы эмес.

Мындан сырткары, жумушта кол коюлган жумуш тапшырмаларын жана башка документтерди, төлөм ведомостторун, ишканада өткөрүү системасы болсо – өткөрүү документин **өзүңүздө сөзсүз сактаңыз**; иш берүүчүдө кайсыл жерде иштегениңизди **телефонго сүрөткө же видеого тартып** алыңыз. Арийне, сүрөттөр жана видеожазуулар соттор тарабынан далил катары чанда гана кабыл алынаарын эстен чыгарбагыла. Ошондуктан, эң жакшысы туура толтурулган кагаз жүзүндөгү документтер колуңузда болушу керек.

## КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БИРИКМЕСИ – ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ КОРГООНУН ЫКМАСЫ

Биз ичибизден сүйлөнүп, чыдап жүрө берсек, бардыгы мурдагыдай эле калаарын түшүнүү зарыл.

Кызматкерлер иш берүүчү менен мамиледе өз кызыкчылыктарын жамааттык негизде, так айтканда биригүү жолу менен коргой алышат.

Иш берүүчүлөр менен жалданма кызматкерлердин кызыкчылыктары эч качан толук дал келбейт. Иш берүүчү ар убак аз эмгек акы төлөө же кыскартуу жолу менен кызматкерден көбүрөөк кайтарым алууга умтулат. Бул учурда кызматкерге салыштырмалуу **иш берүүчүнүн артыкчылыгы бар**: акча, ишканадагы бийлик, баш ийгендердин тагдырын чечүү мүмкүнчүлүгү анын колунда.

Кызматкер иш берүүчүгө көз каранды. Муну талашуудан майнап чыкпайт.

Бирок, **иш берүүчү кызматкерге да көбүрөөк көз каранды**. Компания киреше табууга кызыкдар. Эгерде өндүрүштө, курулушта, кассада, таксиде, кафеде же турак жай секторунда эч ким иштебесе бул мүмкүн эмес. Эгерде сиздин иш берүүчү – жеке адам болсо, ал сизге өзүнүн кымбат деген үй-жайын, балдарын, жакындарын ишенип тапшырып келсе, ал демек сизге көз каранды.

Дал ушундан **улам кызматкерлер өзүлөрүнө урмат менен мамиле жасоону**, өз укуктарынын корголушун, калыс, татыктуу эмгек акынын өз убагында берилип турушун талап кылууга укуктуу.

Бул үчүн кесиптештер менен өз көйгөйлөрүңөрдү талкуулап, биргелешип аракет жасоо зарыл, баш ийип калбаш керек. Россияда **жарандыгына карабастан биригүү укугу бардык кызматкерлерде** бар. Ал Конституция, Эмгек кодекси жана “Кесиптик бирликтер жөнүндө” мыйзам менен кепилденген. Ошондой эле Россияда бардык кызматкерлерге иш берүүчү менен жамааттык б.а. “бирге-бир” эмес, өз өкүлдөрү аркылуу биргеликте сүйлөшүү жүргүзүү укугу кепилдеген. Кандай үлгүдө биригүү керектигин кызматкерлер өзүлөрү чечишет. Биригүүнүн эң кеңири жайылган үлгүсү – профсоюздар.

Албетте, жардам керек болот. Россияда **чет өлкөлүк кызматкерлердин уктарын коргоо менен** алектенген уюмдар бар.

Бул юридикалык кеңеш берүү, келишим түзүүгө же иш берүүчү менен мамиле түзүүгө жардамдашуу болушу мүмкүн: сиздин атыңыздан кимдир бирөө маселе чечип жатса, **сиздин жалгыз эместигиңиз** ар убак жакшы.

Мындан сырткары, профсоюздук уюмдар **төлөнбөгөн эмгек акыларды өндүрүүнүн механизмдерин иштеп чыгышкан** – бирок ал үчүн бардык жабыр тарткан кызматкерлердин биргелешкен аракеттери зарыл. Мисалы, 2013-жылы Санкт-Петербургдун ТЖКЧ секторунда “Новопроф” профсоюзу көчө тазалоочулардын жана башкаруучу компаниялардын башка кызматкерлеринин эмгек акы боюнча 3 миллион рублдан ашык карыздарын өндүрүүгө жетишкен. 2017-жылы Москвада “Сбарро” ресторандар тармагынын кызматкерлери “Новопроф” профсоюзуна биригүү менен эмгек акы боюнча көп айлык карыздарды жаптырууга жетишкен – мында профсоюз уюмунун мүчөлөрүнө гана акчалар кайтарылган.

**Нагыз профсоюз – бул, биринчи кезекте анын мүчөлөрү.** Эгерде профсоюз көп сандуу, ынтымактуу болсо, бири-бирин колдосо, өз аракеттерин пландоону жана жетекчилик менен сүйлөшүү жүргүзүүнү билишсе, анда ар кандай маселелердин чечилишине жетишүүгө болот. Чет өлкөлүк кызматкерлер россиялык профсоюздарга ар дайым мүчө боло алышат.

Эгерде сиз иштеген фирмада же аймакта профсоюз уюму болсо – сиз анын мүчөсү боло аласыз. Ал үчүн **арыз жазуу** жана үзгүлтүксүз **профсоюздук мүчөлүк акы** (эмгек акынын 1%ы) төлөп туруу талап кылынат. Профсоюзда сиздин жумушуңуз жана укуктарыңыз менен байланышкан маселелер боюнча кеңеш бере турган кесипкөй адистер бар. Эгерде сиз иштеген ишканада профсоюздук уюм жок болсо, сиз аны түзө аласыз.

**Көбүрөөк маалымат алуу үчүн** ушул китепченин аягындагы телефон жана электрондук почта аркылуу **“Новопроф” профсоюзуна кайрылыңыз.**

## СИЗДИН УКУКТАРЫҢЫЗ БУЗУЛГАНДА ДАГЫ КАЙДА КАЙРЫЛУУГА БОЛОТ?

Россияда жарандардын укуктарын коргоо менен алектенген атайын мамлекеттик органдар бар. Бул эмгек инспекциясы (“Роструд”) жана прокуратура.

ЫРААЗЫ!

Жумуш ордуңузда сиздин укуктар бузулган учурда “Роструддун” тынымсыз байланыш линиясы аркылуу кайрылууга болот: 8 (495) 343 96 61 же 8 (800) 707 88 41, **http://онлайнинспекция.рф** сайты аркылуу, же “Росструддун” аймактык органдарына – алардын тизмесин **http://www.rostrud.ru** сайтынан табууга болот, анын төмөнкү оң тарабында интерактивдүү карта жана издөө сабы жайгашкан.

Ар кандай укуктар бузулганда – прокуратурага кайрылыңыз; сиздин аймактагы прокуратуранын дарегин **http://www.genproc.gov.ru** сайтынын «контактная информация» бөлүмүнөн тапсаңыз болот.



ИШ ОРДУНДАГЫ ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ КАНТИП КОРГОО КЕРЕК

## ОШЕНТИП

*» Өз укуктарыңды коргоо үчүн, мисалы эмгек акы төлөнбөй жатканда, сиз иштегениңизди далилдешиңиз керек. Аны эмгек келишиминин жана башка документтердин жардамы менен жасоого болот. Сактанып, аларды алдын ала чогултуп коюңуз.*

*» Эмгек укуктарын коргоонун мыкты ыкмасы – профсоюзга мүчө болуу. Ал керектүү кеңештерди берет, колдоо көрсөтөт жана иш берүүчүгө кысым көрсөтүүнү, сүйлөшүүлөрдү уюштура алат жана төлөнбөгөн акчаларыңыздын сизге кайтарылышына же башка укуктарыңыздын калыбына келтирилишине жетише алат.*

*» Укуктарды коргоо үчүн мындан сырткары укук коргоочуларга кайрылууга болот. Алар арыз жазууга, документтерди даярдоого, сотко доо арыз менен кайрылууга жардам беришет, сиздин кызыкчылыгыңызды коргоп жана гуманитардык жардам бөлө алышат.*

*» Укук коргоочулардын жана профсоюздун телефондорун бул китепченин аягынан таба аласыз.*

*» Россияда укуктарды коргоо боюнча атайын мамлекеттик органдар аракеттенет: эмгек инспекциясы жана прокуратура.*

# МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ

Россиянын кайсыл жеринде гана жүрбөңүз, **сиз медициналык чукул жардамды акысыз алууга укуктуусуз**. Демек сиздин өмүрүңүзгө коркунуч жаралса же курч оору чукулунан кармаса, анда **тез жардам врачтары сиздин чакыруу боюнча барууга**, минималдуу зарыл медициналык жардам көрсөтүүгө, курч кармаган ооруксунууну жеңилдетүүгө же өмүрүңүздү сактап калуу үчүн ооруканага алып келүүгө милдеттүү.

**МААНИЛҮҮ!** Тез жардам чакыруу үчүн бардык телефондордон, анын ичинде мобилдүү телефондон 103 номерине кайрылсаңыз болот. Ошондой эле чукул кызматтардын 112 номерин пайдалана аласыз

**ЫРААЗЫ!**

## КЕҢЕШ! "ТЕЗ ЖАРДАМДЫ" ЧАКЫРУУ ҮЧҮН ОПЕРАТОРГО ЖООП БЕРҮҮГӨ ДАЯР БОЛУҢУЗ:

- **жынысы,**
- **жабыр тарткан адамдын болжолдуу курагы (өзүн жаман сезген адам),**
- **ал дем алып жатабы / ал эсинен танган жокпу, чакыруунун себеби,**
- **так дареги,**
- **сиздин атыңыз,**
- **телефон номериңиз.**

**Кеңеш!** "Тез жардам" чакырып жаткан жагыңыздын так дарегин мобилдүү телефонуңуздагы "багыттоочу" же "карта" тиркемесинин жардамы менен карап койсоңуз болот.

Арийне, калган башка медициналык жардамды өз жаныңыздан төлөөрүңүздү эске тутуңуз жана ал арзан турбайт. Белоруссиянын жарандары гана чоң көлөмдөгү акысыз медициналык жардам алууга укуктуу.



## МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ

Ошондуктан, ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисине ("ЫМК полиси") ээ болуу маанилүү. Аны Россияда көп сандаган камсыздандыруучу компаниялардан сатып алууга болот. Аны алуу үчүн сиздин паспортуңуз керек.

Камсыздандыруу полисин сатып алардан мурда келишимди сөзсүз кунт коюп окугула! Анда камсыздандыруу келишими боюнча сизге берилүүчү жардамдардын түрлөрү көрсөтүлүшү керек. Көрсөтүлүүчү жардамдардын кандай түрлөрү келишимде тизмеленсе, камсыздандыруунун баасы ошого жараша болот, адатта баасы канчалык жогору болсо, ошончолук көп кызмат аласыз.

Сиз кайрылууга боло турган медициналык борборлордун жана поликлиникалардын даректерин, алардын телефондорун жана иштөө сааттарын сөзсүз билип алыңыз, алар чет өлкөлүк жарандарды кабыл алаар-албастыгын тактагыла.

**МААНИЛҮҮ!** Эгерде сизге жылына 10-15 миң рублдан кем турбаган камсыздандырууну сунуш кылышса, анда ал кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдуу топтомун, анын ичинде сизге ансыз деле акысыз көрсөтүү милдеттүү болгон чукул жардамды камтыйт.


**МААНИЛҮҮ!** Камсыздандыруу полисин сатып алуу менен анын сизге гана жарактуу экендигин, сиздин үй-бүлө мүчөлөрүнө (балдар, жубай, ата-эне) тиешеси болбостугун эске түйүңүз.

Кээде иш берүүчүлөр өз кызматкерлерине ЫМК полистерин өзүлөрү жаздырып беришет. Жумушка орношуп жатканда бул тууралуу иш берүүчүдөн сураңыз. Эгерде иш берүүчү ЫМКны өзү тариздей турган болсо, кайсыл медициналык жардамдарды кайдан ала турганыңызды андан тактап алгыла, анткени сиздин уюм менен кызматкерлерди дарылоо боюнча келишими болсо дагы, бардык эле поликлиникалар чет өлкөлүк жарандарды тейлей бербейт.

## АКЫ ТӨЛӨНҮҮЧҮ МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЙЛӨӨ

**ЫРААЗЫ!**

Эгерде сиз кызматтардын минималдуу топтому каралган полис сатып алсаңыз, анда өзүңүздүн жумуш ордуңузга же жашаган жериңизге жакын жайгашкан поликлиниканы же медициналык борборду алдын ала караштыруу жана чет өлкөлүк жарандарга кандай акы төлөнүүчү кызматтар кандай баада көрсөтүлөөрүн тактоо керек. Эгерде сизге врачтын чукул кеңеши керектелип калса, бирок полисиңизде мындай кызмат көрсөтүүлөргө төлөм каралбаса, анда сизге кеңеш алуу, анализдер жана дарылануу үчүн өз жаныңыздан төлөөгө туура келет.



# ОШЕНТИП

МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ

» Сиз акысыз медициналык чукул жардам алууга укуктуусуз.

» Башка медициналык кызматтар үчүн сизге акча төлөөгө туура келет, алар арзан турбайт.

» Сиз ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин сатып алсаңыз болот, анда дарылануу чыгымдарын камсыздандыруучу компания төлөйт.

» Балдар үчүн сөзсүз түрдө медициналык полис алгыла.

» Полис сатып алуу менен полис боюнча кайсыл дарылануууларга акча төлөнөрүн билүү үчүн келишимди кунт коюп окугула. Чукул медициналык жардам көрсөтүү каралган гана полисти сатып алуунун зарылчылыгы жок: ал ансыз деле акысыз көрсөтүлүшү керек.

» Сиздин иш берүүчү кызматкерлер үчүн медициналык камсыздандырууну тариздейби же жокпу билгиле.


# ЭГЕРДЕ СИЗ ЖУМУШСУЗ КАЛСАҢЫЗ

**Эгерде Россиянын аймагына киргенден тарта 90 күн аралыгында ишке орношууга жетишпей калсаңыз, сизге өлкөдөн чыгып кетүүгө туура келет.**

Ошондой эле россиялык жарандар сыяктуу сиз дагы калкты ишке жайгаштыруучу мамлекеттик борборлорго кайрылууга укугуңуз бар. Ишке жайгаштыруу борборлору шаардык, ошондой эле округдук жана райондук (ири шаарларда) болушу мүмкүн. Алар сизди жумушсуз катары таанып, жумушсуздук боюнча жөлөкпул төлөй алышпайт, бирок **бош жумуш орундары жөнүндө маалыматтарды акысыз берүүгө милдеттүү.**

**КЫРААКЫ БОЛУҢУЗ!**

Эгерде сиздин кесиптик даражаңыз анчалык жогору эмес, тажрыйбаңыз аз болсо, Россияга биринчи жолу келип жатсаңыз, ал эми сизге маянасы жогору, тамак-ашы жана жатаканасы акысыз жумуш сунуштап жатышса, бирок келишим түзгүлөрү, уюмдун аталышы же директордун аты жөнүндө сиздин суроолорго жооп бергилери келбесе, **анда сизде адам сатуучуларга жолугуп калуу тобокелдиги бар! Сиз кулчулукка кабылып калышыңыз мүмкүн! САК БОЛУҢУЗ!**



## ОШЕНТИП

ЭГЕРДЕ СИЗ ЖУМУШСУЗ КАЛСАҢЫЗ

» *Эгерде 90 күндөн ашык убакыт жумушсуз жүрсөңүз, сиз Россиянын аймагынан чыгып кетишиңиз керек. Кайра артка 90 күндөн кийин гана кире аласыз*

» *Сиз бош оруңдар боюнча калкты жумушка орноштуруучу мамлекеттик борборлорго кайрылсаңыз болот.*

» *Сак болуңуз! Эгерде сизге абдан эле жакшы шарттарды сунуштап жатышса, бул кул сатуучулардын таштаган жеми, демек сизди кылтакка илгилери келип жатат.*

# ЭГЕРДЕ РОССИЯГА СИЗ МЕНЕН БАЛДАРЫҢЫЗ КЕЛЕ ЖАТЫШСА


Эгерде жумуш табуу үчүн Россияга балдарыңыз менен келе жатсаңыз көңүл буруңуз, 2013-жылдын июль айынын тарта **18 жашка чейинки балдарга патенттер берилбейт**, б.а. 18 жашка толмоюнча расмий түрдө жумушка орношуууга болбойт.

**РОССИЯДА БАЛДАРДЫН ЭМГЕГИНЕ ТЫЮУ САЛЫНГАН!**

Эгерде сиздин балдарыңыз мекениңизде мектепти бүтпөгөн болсо, сиз аларды Россияда милдеттүү түрдө мектепке бериңиз. Мектептерде окутуу – акысыз.

Мындан сырткары, көптөгөн субъекттерде мектептерге жазылуу алдын ала электрондук негизде жүргүзүлөрүнө көңүл буруңуз. Сиз ошондой эле КФБларга – мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү көп функционалдуу борборлорго (бул сиздин каттооңузду тариздеген эле борборлор) кайрылсаңыз болот. Мыйзам боюнча баланы мектепке кабыл алууда сизден паспорттордон башка кошумча документтерди талап кылууга укуктары жок болгон менен, көп учурларда мектептерде катталуу картаңызды (сиздин жана баланын) жана баланын ден соолук абалы жөнүндө медициналык справканы көрсөтүүнү өтүнүшөт. Башка документтер жана алардын орус тилине котормосу талап кылынып калышы да мүмкүн.





Эгерде сиз бул документтерди көрсөткүңүз келбесе же көрсөтө албасаңыз, анда **РФ Билим берүү жана илим министрлигинин 2012-жылдын 28-июнундагы №ИР-535/03 “Жалпы билим берүүчү мектептерге кабыл алуунун эрежелери жөнүндө” катына** таяныңыз – бул сиздин балдарыңыздын билим алуу укугун аныктаган документ. Анын текстин интернеттен табууга болот.

ЫРААЗЫ!

Мектепке медициналык справка алуу үчүн сиз балаңызга медициналык справканы сатып алышыңыз же чет өлкөлүк жарандарга акылуу тейлөө көрсөтүүчү поликлиникага кайрылыңыз. Камсыздандыруунун түрлөрү абдан көп, алардын кайсынысы сизге ылайыктуу – түз эле камсыздандыруу компаниясына кайрылыңыз же медициналык борборлордун биринен сурап билиңиз.

МААНИЛҮҮ! Сиздин ден солугуңуз чың болушу же өз ооруларыңызга көз жумуп коюшуңуз мүмкүн. Сиз – чоң адамсыз. Бирок, балдарга медициналык камсыздандыруу сөзсүз керек! Камсыздандыруу компаниясы балдарга полистерди береби же жокпу жана кандай шартта экендигин тактаңыз!

## ОШЕНТИП

*ЭГЕРДЕ РОССИЯГА СИЗ МЕНЕН БАЛДАРЫҢЫЗ КЕЛЕ ЖАТЫШСА*

*» Россияда балдардын эмгегине тыюу салынгандыгын эске туткула. Сиздин балаңыз 18 жашка толмоюнча патент ала албайт.*

*» Ар бир бала жарандыгына, катталуусуна жана документтеринин бар-жогуна карабастан, мектепке барууга укуктуу.*

*» Мектепте окутуу – акысыз.*

*» Өз балдарыңызды келечегинен ажыратпаңыз, аларды легалсыз иштөөгө мажбурлабаңыз, сөзсүз түрдө мектепке окууга жөнөтүңүз!*



# УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ МЕНЕН МАМИЛЕ

Россия жашаган жана иштеген мезгилдин жагымсыз учурларынын бири укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин текшерүүлөрүнө кабылуу болушу мүмкүн.

## ӨЗ УКУКТАРЫҢЫЗДЫ БИЛИҢИЗ!

**Эгерде сизди полициянын же ИИМ ММББнын кызматкери токтотуп** өздүгүңүздү тастыктаган документти көрсөтүүнү талап кылса, эске туткула: бул үчүн кызматкер формачан болушу керек; ал сизге өзүнүн документтерин (фамилиясы, кызматы көрсөтүлгөн сүрөтү менен күбөлүк) көрсөтүүгө жана документтерди текшерүүнүн себептерин түшүндүрүүгө милдеттүү. Эгерде ал өзүнүн күбөлүгүн көрсөтүүдөн баш тартса – сиз ага өзүңүздүкүн көрсөтүүгө милдеттүү эмессиз жана 102 телефону боюнча шыр полицияга чалсаңыз болот. Бул учурда мыйзамдын бузуучусу – ал!

**Эгерде жаныңызда паспортуңуз жок болсо**, сиз өзүңүздүн аты-жөнүнүз жазылган жана сүрөтүңүз чапталган өздүгүңүздү тастыктоочу башка документтерди, мисалы пропуск, айдоочулук күбөлүк, котормосу менен нотариалдык күбөлөндүрүлгөн паспорттун көчүрмөсүн көрсөтө аласыз.

**Эгерде жаңыңызда эч кандай документ жок болуп калса** жана сизди кармашса, анда сиз паспортуңузду алдыруу үчүн тааныштарыңыздын кимдир бирөөсүнө телефон чала аласыз.

**Эгерде сиздин документтердин ичинде акча бар болсо**, документти көрсөтүү учурунда алып коюу керек: полициянын же ИИМ ММББнын кызматкери аны пара катары баалашы мүмкүн. Бул учурда пара сунуштоо үчүн жоопкерчилик сизге жүктөлөт.

**МААНИЛҮҮ!** Полиция кызматкери сизге сылык болушу керек, бирок сиз дагы илбериңки жана сылык түрдө андан өзүңүзгө зарыл бардык маалыматтарды сурашыңыз керек.

Сизден каттоонун бар жогун ИИМ ММББнын кызматкерлери гана талап кыла алат. Арийне, көп учурларда аны полиция кызматкерлери да көрсөтүүнү өтүнүшөт. Эгерде сиз аны алиге чейин жасатпасаңыз, анда Россияга кирген күнүңүз белгиленген миграциялык картаны же жол кире билетин көрсөтсөңүз болот.

## САК БОЛУҢУЗ!

Жагымсыз жагдай экендигине карабастан сиз полиция кызматкерлери тараптын мыйзам бузуусуна дуушар болуп калышыңыз мүмкүн! Бул же башка учурларда **тезинен жардам сурап чалуу үчүн керектүү телефон номерлери** (мобилдүү телефондо же өзүнчө кагазда) колуңузда болсун.

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРГА ТЕЗИНЕН ЖАРДАМ БЕРҮҮЧҮ ТЕЛЕФОНДОР


**112 – чукул кызматтарды чакыруу** – күн-түнү

**101 – өрт өчүрүү кызматын чакыруу** – күн-түнү

**102 – полицияны чакыруу** (полиция кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттерине арыздануу үчүн) – күн-түнү

**103 – медициналык тез жардамды чакыруу** – күн-түнү


**104 - Газ кызматы**



**МААНИЛУУ!** Мыйзамды бузган ар кандай учурлар үчүн чет өлкөлүктөргө айып эле салынбастан, 10 жылга чейин кирүү укугунан ажыратылып олкөдөн чыгарылат. Сак болгула! Шашылыш учурларда жогоруда жана ошондой эле ушул китепченин аягында көрсөтүлгөн телефондор боюнча чалгыла.

**МААНИЛУУ!** Тилекке каршы, каттооңуз туура эле таризделген болсо да, Россияда полициянын жана ИИМ ММББнын кызматкерлери сиздин документтерди текшерүү учурунда, аларды жасалма деп айып салуу жана өлкөдөн чыгарып жиберүү менен опузалашы мүмкүн. Маселени жайгаруу үчүн алар кээде пара талап кылышат. **Эске туткула, эгерде сиз пара берсеңиз – сиз дагы кылмыш жасап жаткан болосуз. Сак болуңуз!**

**МААНИЛУУ!** Сиздин паспортту алууга эч кимдин - полиция, миграция кызматынын кызматкеринин да укугу жок.



# Кирүүгө тыюу салуу

3 жыл аралыгында 2 жана андан көп ирет административдик тартип бузган чет өлкөлүктөрдүн баарысына Россияга кирүүгө тыюу салынышы мүмкүн. Демек, бул эгерде сизге бир айып жазылган болсо, кийинкилери сизди Россиядан чыгып кетүүгө кириптер кылат жана сиз бир нече жылга чейин артка кайтып келе албайсыз. Айып жаза, мисалы Россияга кирген учурдан 30 күн аралыгында патент алууга документтердин топтомун тапшырууга үлгүрбөй калсаңыз, коомдук унаада билетсиз жүргөндүк, көчөдөн туура эмес өткөндүк, унааны туура эмес токтоткондук, коомдук жайларда спирт ичимдигин ичүү же кызмат адамы катары мыйзамды бузгандык ж.б. үчүн да жазылышы мүмкүн.

Эске туткула, эгерде сиз Россияда жүрсөңүз жана кирүүгө тыюу салынган адамдардын тизмесине кошулуп калсаңыз, анда сизге патент берүүдөн же мөөнөтүн узартуудан баш тартылат жана аракеттегиси жокко чыгарылат!

Эгерде Россияга кирген учурдан 30 күн аралыгында патент алууга документтерди топтоого жетишпей калсаңыз, айып жазадан кутулуу үчүн башка өлкөгө (Белоруссиядан башка, ал жакта сизге миграциялык карточка берилбейт) чыгып кетип, кайра кире аласыз. Ошондо, патент үчүн документ тапшырууга кайрадан 30 күн убакыт болот. Бул жерде башкысы миграциялык мыйзамдарды сактоо: Россияда 90 күнгө чейин патентсиз жүрө аласыз. Россияга кайтып келүү менен сиз ар бир жолу кайрадан катталууга милдеттүүсүз.

Эгерде сизге кызмат адамы катары (б.а. жумушта) айып жазылып жатса, сиз тартип бузбагандыгыңызга ишенимдүү болуңуз, айыпты алдырып салууга сөзсүз аракет жасаңыз, көп учурда мыйзам аны 10 күн ичинде жасоого мүмкүндүк берет.

ИИМ ММББда Россияга кирүүгө тыюу салынгандардын маалымат базасы бар: **http://services.fms.gov.ru/info-service.htm?sid=3000**. Арийне, бул база толук эмес, анда каталар көп болот. Тилекке каршы, кирүүгө кайсыл орган тыюу салгандыгын жана кайда арызданууу керектигин табуу да татаал. Мындан сырткары, бул база – сурап билүү маалыматтарын гана камтыйт. **Ар бир адам боюнча так расмий маалыматты кат жүзүндө ИИМ ММББга кайрылуу менен Россиядан гана алууга болот.**

## Связаться с нами:

**Адрес: г. Москва, ул. Большая Тульская, д. 10, стр. 1, офис 132**

**Электронная почта: novoprof@novoprof.net**

**Телефон: +7(977)688-59-57**

САЙТ НОВОПРОФ

NOVOPROF.NET



**Сиздин өлкөнүн элчилигинин телефону (жазып койгула):**




ПРОФСОЮЗ РАБОТНИКОВ ПИЩЕВОЙ И ТАБАЧНОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ, ТОРГОВЛИ, УСЛУГ И СМЕЖНЫХ ОТРАСЛЕЙ

НОВОПРОФ

Москва

2021